ШКУ: Бишкек саммитинде маанилүү маселелер талкууланды

3-бетте



Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№27 [17023] ИШЕМБИ, 05/09/2026

VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары - Кыргызстанды дүйнө тыңшады







4-5-беттерде

Жаңылыктар

Мал базарлар көзөмөлдөнөт



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Мирлан Орозбаев КРнын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматы тарабынан түзүлгөн республикалык комиссия мүчөлөрүн кабыл алды.

Жолугушууга комиссиянын Ветеринария кызматынын төрагасы Манас Майканов, Малдарды идентификациялоо бащшкармалыгынын башчысы Курманбек уулу Адылбек жана Эпизоотия башкармалыгынын башкы адиси Дайыркул Саткынов катышты.

Жыйында Ош облусунун аймагында иштеп иштеп жаткан мал базарлардын белгиленген иштөө графигин ирээтке келтирүү, мал союучу жайларда тиешелүү талаптардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү, малдарды өз убагында эмдөө жана идентификациялоо иштерин күчөтүү боюнча маселелер каралып, тиешелүү чараларды көрүүнүн зарылдыгы белгиленди.

Даярдаган: К. Кыдыралиева.

Ноокатта «Кыргыз жер семирткич» ири заводу ачылды



Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаровдун инвестиция тартуу жана өндүрүштү өнүктүрүү боюнча тапшырмасынын негизинде Ноокат районунун Т. Кулатов айыл аймагында 2024-жылы курула баштаган «Кыргыз жер семирткич» ири заводунун ачылыш аземи болуп өттү. Ага кытай инвесторлору тарабынан чоң суммадагы каражат тартылган.

Заводдун өндүрүштүк кубаттуулугу этап-этабы менен жогорулатылат. Биринчи этапта — 100 миң тонна, кийинки жылы — 200 миң тонна, андан кийинки этапта 300 миң тоннага жеткирүү пландалууда. Долбоор толук кубаттуулукка чыкканда жылына 1 млн. тоннага чейин жер семирткич өндүрүп, 2 миң адамды жумуш менен камсыздайт. Алгачкы өндүрүштүк продукциянын эсебинен Бишкек менен Ош шаарына 100 тоннадан акысыз жер семирткич берилди.

Ишканада негизинен аммофос, ошондой эле азот, фосфор жана калий камтылган аралаш жер семирткичтер өндүрүлөт. Кыргызстанда жылына 150 миң тоннага чейин жер семирткич керектелгендиктен, ички суроо-талапты камсыздагандан кийинки ашыкча продукцияны экспортко чыгарууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Жаңы өндүрүш айыл чарба үчүн өтө маанилүү. Өндүрүлгөн жер семирткич топурактын асылдуулугун жогорулатып, өсүмдүктүн тамыр системасын бекемдөөгө жардам берет. Натыйжада өсүмдүк ооруларга туруктуу өсүп, сапаты жакшырып, түшүмдүүлүгү жогорулайт.

Учурда заводго электр линиялары тартылып, трансформатор орнотулду. 15 млн. долларлык өндүрүш жабдуулары Кыргызстанга жеткирилип, аларды орнотуу иштери жүрүп жатат. Биринчи өндүрүштүк линия сыноо режиминде иштетилүүдө.

Долбоорду толук аяктоо 2028-жылга белгиленген. Заводдун ишке кириши импортко болгон көз карандылыкты азайтып, ата мекендик айыл чарбаны жер семирткич менен камсыздоону жакшыртуу менен катар, Ош облусунун өндүрүштүк жана экспорттук потенциалын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Муктар Абдуллаев,
Ноокат районундагы Т. Кулатов айылдык кеңешинин депутаты.

Жарыялар

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы Ош шаарындагы эски аялдамаларды бузуп, ордуна жана жер тилкелерге заман талабына ылайык акылдуу аялдамаларды 30 % түзгөн тейлөөчү жайы менен жеңил типтеги конструкция куруу боюнча аукцион жарыялайт.

Кошумча талап: Демөөрчүлөрдүн эсебинен курулган аялдамалар, Ош шаарынын мэриясынын токтомунун негизинде, муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына алынат жана баланска алынган аялдама атайын комиссиянын чечимине ылайык ижара шартында берилет.

Лот №	Жер тилкенин дареги	Максаты	Тейлөөчү жайы менен ялдаманын жалпы аянты (тейлөөчү жайы) (м2)	Старттык баасы бир айга (сом)
1	Ош шаарынын Курманжан-Датка МАБынын аймагындагы А. Шакиров көчөсүнүн № 30 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	Аялдама куруу үчүн	42,0 (18,0)	5459 сом бир айлык
2	Ош шаарынын Б. Осмонов көчөсүнүн болжол “Нирвана” кафесинин жанындагы жер тилкеси	Аялдама куруу үчүн	25,2 (10,80)	3276 сом бир айлык

Конкурска катышуучулар төмөндөгү дарекке кайрылышат: Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын имараты, Заднепровский көчөсү № 4 (2-кабат, 5-каана).

1. Физикалык жактар үчүн паспорттун көчүрмөсү.

2. Юридикалык жактар үчүн нотариалдык же каттоо жүргүзүүчү каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес ишкананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө конкурс үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.

3. Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик төлөм жана коюлган лоттун башталгыч баасынын 0,5% өлчөмүндө комиссиондук жыйым төлөгөндүгүн тастыктаган документтер.

4. Конкурска катышуу тууралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен.

Конкурс өткөрүү күнү Ош шаарынын мэриясынын сайтына жарыя чыккан күндөн баштап, 30 (отуз) күндүк мөөнөт өткөндөн кийин конкурс өткөрүлөрүн маалымдайбыз.

Эскертүү: Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы ал же тигил объектини (мүлктү) конкурс белгиленген күнгө 3 күн калганга чейин конкурсту алып салууга укуктуу.

Көңүл буруңуздар: Конкурс өткөрүү күнү Ош шаарынын мэриясынын сайтына жарыя чыккан күндөн баштап, 30 (отуз) күн мөөнөттөн өткөндөн кийин конкурс өткөрүлөт.

Конкурска бардык физикалык жана юридикалык жактар, алардын ичинде конкурс өткөрүүгө 1 (бир) күн калганда конкурска катышуу туурасында арыз берген жактар катыша алат.

Конкурска катышууну каалагандар, өздөрүнүн өкүлдөрү (ишеним кат) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн.

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы төмөндөгү муниципалдык жер тилкелерин конкурс жолу менен убактылуу ижара шартында пайдаланууга берүү боюнча аукцион өткөрүүгө сынак жарыялайт.

Ло т №	Жер тилкесинин дареги	Аянты (чарчы метр)	Ижара акысы (сом) конкурстун старттык баасы	Багыты	Мөөнөтү
1	Ош шаарынын Сүрөт-Таш конушундагы И. Маккамбаева жана № 28 көчөлөрүнүн кесилишинин түндүк тарабында жайгашкан жер тилкеси	60,0	70 762 сом	Женил типтеги конструкциядан соода павильон орнотуу	1 жыл
2	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/10 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	1500,01	468 000 сом	Кампа орнотуу	1 жыл
3	Ош шаарынын Б.Нурматов жана Тилеке-Баатыр көчөлөрүнүн кесилишиндеги жер тилкеси	11,51 ЛЕД экран аянты 2,0 жер тилкесинин аянты	84 552 сом	ЛЕД экран орнотуу	1 жыл

Конкурска катышуучулар төмөндөгү дарекке кайрылышат:

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын имараты, Заднепровский көчөсү № 4 (2-кабат, 5-кана).

Физикалык жактар үчүн паспорттун көчүрмөсү .

Юридикалык жактар үчүн нотариалдык каттоо жүргүзүүчү каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес ишкананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө аукцион үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.

Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик төлөм жана коюлган лоттун башталгыч баасынын 0,5 % өлчөмүндө комиссиондук жыйым төлөгөндүгүн тастыктаган документтер.

Конкурска катышуу туралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен.

Конкурс өткөрүү менен Ош шаарынын мэриясынын сайтына жарыя чыккан күндөн баштап, 30 (отуз) күндүк мөөнөт менен өткөндөн кийин аукцион өткөрүлөөрүн маалымдайбыз.

Эскертүү: Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы ал же тигил объектини (мүлкү) конкурс белгиленген күнгө 3 күн калганга чейин конкурсту алып салууга укуктуу.

Көңүл буруңуздар: Конкурс өткөрүү күнү Ош шаарынын мэриясынын же Ош жаңырыгы гезитине жарыя чыккан күндөн баштап, 30 (отуз) күн мөөнөттөн өткөндөн кийин аукцион өткөрүлөт. Конкурска бардык физикалык жана юридикалык жактар, алардын ичинде аукцион өткөрүүгө 1 (бир) күн калганда аукционго катышуу туурасында арыз берген жактар катыша алат.

Конкурска катышууну каалагандар, өздөрүнүн өкүлдөрү (ишеним кат) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн.

Кыргызстанда маанилүү маселелер талкууланды

Бишкек 1-сентябрда бир күнгө дүйнөлүк саясаттын маанилүү борборлорунун бирине айланды. Кыргызстандын төрагалыгы алдында Шанхай кызматташтык уюмунун мамлекет башчыларынын кеңешинин 25-жыйыны өтүп, ага уюмга мүчө өлкөлөрдүн лидерлери чогулду.

Саммиттин жыйынтыгында 28 документ кабыл алынды. Алардын арасында Бишкек декларациясы, ШКУнун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча протокол, өзгөчө кырдаалдардан жабыркаган мамлекеттерге жардам көрсөтүү боюнча билдирүү, коопсуздук чакырыктарына каршы универсалдуу борбор жана ШКУнун баңгизатка каршы күрөшүү борбору боюнча жоболор бар.





Белгилесек, Шанхай кызматташтык уюму 2001-жылы түзүлгөн. Баштапкы мезгилде анын негизги багыты аймактык коопсуздук, терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү болсо, бүгүнкү күндө уюмдун күн тартиби кыйла кеңейди. Азыр ШКУнун курамында Кыргызстан, Кытай, Орусия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Индия, Пакистан, Иран жана Беларусь бар. Уюмдун расмий маалыматына ылайык, Бишкектеги саммитте саясий жана коопсуздук маселелеринен тышкары соода, инвестиция, энергетика, өнөр жай, экология, туризм жана жаңы технологиялар боюнча кызматташтык талкууланды.

Лидерлер ШКУга мүчө мамлекеттердин коопсуздугуна жаралган чакырыктарга биргелешип каршы туруу механизмдерин күчөтүүнү талкуулашты. Саммиттин маанилүү чечимдеринин бири — ШКУга мүчө мамлекеттердин коопсуздугуна болгон чакырыктарга жана коркунучтарга каршы күрөшүү боюнча универсалдуу борбордун жобосун бекитүү болду. Мындан тышкары, ШКУнун Баңгизатка каршы күрөшүү борборунун аткаруу комитетинин жобосу да жактырылды.

Саммиттин дагы бир негизги темасы — экономика. Кыргызстан үчүн бул маселе өзгөчө маанилүү. Себеби өлкөнүн экономикасынын өсүшүндө тышкы соода, инвестиция жана транспорттук байланыштар чоң роль ойнойт. Президент Садыр Жапаров ШКУнун экономикалык потенциалын толук пайдалануу зарылдыгын белгилеп, ШКУнун Өнүктүрүү банкын түзүү маселесин практикалык жактан чечүүгө чакырды.

Президент Садыр Жапаров ШКУ мейкиндигиндеги транспорттук жана логистикалык байланыштарды күчөтүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун негизги долбоорлордун бири катары атады. Бишкектеги саммиттин өзгөчөлүктөрүнүн бири — дүйнөнүн жаңы технологиялык күн тартибинин да талкууланышы. Президент Садыр Жапаров мамлекеттердин заманбап технологияларга тең жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуунун маанилүүлүгүн белгиледи.

Саммиттин «ШКУ плюс» форматындагы бөлүгү өзгөчө геосаясий мааниге ээ болду. Анда «БУУ — адилеттүү дүйнөлүк тартиптин негизги элементи: көп полярдуу дүйнөнүн калыптанышына ШКУ плюс мамлекеттеринин салымы» деген тема талкууланды. Бул талкууга ШКУга мүчө мамлекеттерден тышкары байкоочу жана диалог боюнча өнөктөш өлкөлөр, ошондой эле БУУ, КМШ, ЖККУ, ЕАЭБ сыяктуу эл аралык жана аймактык түзүмдөрдүн жетекчилери катышты.





Саммитке Кытайдын төрагасы Си Цзиньпин, Россия Федерациясынын президенти Владимир Путин, Индиянын премьер-министри Нарендра Моди, Ирандын президенти Масуд Пезешкиан, Казакстандын президенти Касым-Жомарт Токаев, Өзбекстандын президенти Шавкат Мирзиёев, Тажикстандын президенти Эмомали Рахмон, Беларусь президенти Александр Лукашенко жана Пакистандын премьер-министри Шахбаз Шариф катышты.

Кыргызстан ШКУга 2025–2026-жылдары төрагалык кылды. Төрагалык «25 жылдык ШКУ: туруктуу тынчтык, өнүгүү жана бакубатчылык үчүн бирге» деген ураандын алдында өттү. Бишкектеги саммит ошол төрагалыктын жыйынтыктоочу этабы болду. ШКУнун башкы катчысы Нурлан Ермекбаев Кыргызстандын төрагалыгын активдүү жана мазмундуу деп баалады.


Бишкек саммитинин эң маанилүү жыйынтыгы: Коопсуздук механизмдери күчөтүлдү.Терроризм, экстремизм, баңгизат жана трансулуттук кылмыштуулукка каршы жаңы механизмдер бекитилди; экономикалык интеграцияны тереңдетүү аракети күчөдү. ШКУнун Өнүктүрүү банкын түзүү боюнча иштер улануууда; транспорттук байланыштар негизги артыкчылык катары белгиленди. Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолу сыяктуу долбоорлордун мааниси жогорулады; технологиялык кызматташтык күн тартибине чыкты. Жасалма интеллект, санариптик экономика жана жаңы технологияларга жеткиликтүүлүк талкууланды.


ШКУнун 25 жылдыгы уюмдун өнүгүүсүндө символдук чек болуп калды. Бир кылымга жетпеген убакытта дүйнөнүн ири мамлекеттерин бириктирген уюм коопсуздук маселелеринен экономикага, транспортко, энергетикага жана технологияларга чейин кеңейди. Бишкекте кабыл алынган 28 документ ушул өзгөрүүнүн бир көрүнүшү.

Саммиттин соңунда Кыргызстан ШКУдагы төрагалыгын Пакистанга өткөрүп берди. Пакистан 2026–2027-жылдардагы төрагалыкты «Көз карашты ишке ашырууга: байланыштуулук, инновация жана жалпы гүлдөп-өнүгүүгө» багыттай турганын билдирди.

Бексултан Нуркамил уулу.

VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары





Улуу көчмөн цивилизациясынын мурасын дүйнөгө даңазалаган алгачкы Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары Кыргызстандын Чолпон-Ата шаарында 2014-жылдын 9-14-сентябрында өткөрүлгөн. Ага 19 өлкөдөн 583 спортчу катышып, спорттун 10 түрү боюнча күч сынашкан. 2016-жылдын 3-сентябрынан 8-сентябрына чейин ошол эле жерде, Чолпон-Ата шаарында өткөн экинчи оюндарга 80 өлкөнүн, анын ичинде салттуу көчмөн эмес мамлекеттердин спортчулары катышкан. 2018-жылдын сентябрь айында өткөн үчүнчү оюндарга 66 өлкөдөн 1500дөн ашык спортчу катышып, салттуу спорттун 37 түрү боюнча күч сынашкан. 2022-жылдын 29-сентябрынан 2-октябрына чейин Түркиянын Изник шаарында мелдештин төртүнчүсү өткөн, 2024-жылдын 8-сентябрынан 12-сентябрына чейин Казакстандын Астана шаарында өткөрүлгөн. Алтынчы оюндар кайрадан Кыргызстанда өтөөрү бешинчи оюндардын жабылыш аземинде белгилүү болгон.





VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ачылыш аземи 31-августта, өлкөбүздүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн, спорт тармагынын жана жаштардын келечегин символдоштурган заманбап, 51 миңден ашуун орундуу жаңы “Бишкек Арена” стадионунда болуп өттү. Ачылыш аземи дүйнөнүн 106 өлкөсүнүн өкүлдөрүн бириктирген масштабдуу эл аралык иш-чара болду. Ага ШКУнун саммитине келген мамлекет башчылары, эл аралык абройлуу уюмдун жетекчилери, 2355 спортчу, машыктыруучу жана делегациялардын өкүлдөрү катышты. Расмий бөлүк башталганга чейин иш-чаранын коноктору жана катышуучулары үчүн белгилүү ата мекендик эстрада ырчылары өнөрлөрүн тартуулашты.

VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ачылыш аземинде Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кеңири масштабда сөз сүйлөдү.

Мамлекет башчысы 31-август – Кыргыз Республикасынын Көз каранды эместигинин 35 жылдыгы, ушул күнү ата-бабаларыбыз түптөгөн улуу көчмөн цивилизациясынын мурасын дүйнөгө даңазалаган VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары расмий түрдө ачылып жаткандыгын, бул күнгө Шанхай кызматташтык уюмунун 25 жылдык тарыхый мааракесине арналган Саммит да туш келип олтургандыгына токтолуп, мааракелик саммитке келген 15тен ашуун чет өлкө президенттери жана БУУнун башкатчысы Антонио Гуттериш баштаган абройлуу эл аралык уюмдардын жетекчилеринин келиши бүгүнкү окуялардын макамын да, маанимаңызын да арттырып жаткандыгын белгилеп өттү. .

Президент өз сөзүндө “Биздин таянычыбыз — Эгемендикте болсо, түпкү тамырыбыз — көчмөн цивилизациясында! Ал эми алган багытыбыз эл аралык достук жана өнөктөштүк болсо, келечегибиз — өнүккөн, күчтүү жаңы Кыргызстанды курууда! Биз Көчмөндөр оюндарын негиздеген өлкө катары дүйнө жүзүнө тарых-таржымалыбызды таанытып гана тим болбостон, келечекке умтулган заманбап өлкө экенибизди да даңазалап жатабыз.

Мындан туура 5 жыл мурун ант берүү аземинде берген убадаларыбыздын көбүн аткарып, ошол жаңы Кыргызстанды куруп, тикелеп келатабыз. Азыркы күндө өлкөбүз үчүн жетүүгө мүмкүн эместей көрүнгөн масштабдагы бир топ долбоорлор ишке ашууда.Кыргызстандын геосаясий ролу жөнүндө түшүнүктү өзгөртө турган “Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан” темир жолунун курулушу башталды. Тарыхый масштабдагы дагы бир долбоор – кубаттуулугу 1 860 мегаватт болгон “Камбар-Ата-1” ГЭСинин курулушу жигердүү улануда. Жыл бою толук иштей турган “Ала-Тоо Резорт” тоо лыжа кластеринин курулушу Кыргызстанды жыл бою саякаттоого ылайыктуу туристтик багыт катары эл аралык жагымдуулугун кыйла жогорулатууга мүмкүндүк берет. Өлкөнүн финансылык жана инвестициялык системасын өнүктүрүү максатында ушул жылдын 3-июлунда Ысык-Көлдүн жээгинде “Тамчы” атайын финансылык инвестициялык аймагын ишке киргиздик. Бул аймак өзгөчө укуктук режимге ээ болуп, англис укугунун негизинде иш жүргүзөт.Биз Тамчыны бир гана инвестициялык аймак катары эмес, эл аралык капиталдарды, заманбап финансылык технологияларды жана инвестициялык долбоорлорду бириктирген жаңы финансылык борборго айландырып жатабыз “ деп айтты.

Ал андан ары “Бишкек-Арена” Көчмөндөр оюндарына старт берилиши менен бирге спорттук атаандаштык менен элдердин достугу да чыңдалып, ушул идея Шанхай кызматташтык уюмунун философиясы менен да үндөшүп тургандыгын, Кыргызстанда мамлекет башчыларынын жолугушуусу менен Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын бир мезгилде өтүп жатышы да терең символдук мааниге ээ экендигине, эң башкысы бул эки чоң окуянын өзөгүндө тең адамзаттын эң бийик баалуулугу — тынчтык жана достук оюндары аркылуу жаңы мазмун менен кайра жаралып жатканды-гын белгилеп өттү. .

Азем катышуучу өлкөлөрдүн парады менен уланды. 106 мамлекеттин спортчулары, машыктыруучулары стадион майданынан өтүп, достук, тынчтык жана өз ара сый-урмат идеялары менен бириккен элдердин жана маданияттардын көп түрдүүлүгүн чагылдырышты. Аны Кыргызстандыктар жыйынтыкташты.

Программада жан дүйнөнү козгогон, жүрөк жылыткан кыргыз элинин көп кылымдык тарыхына жана бай маданий мурасына арналган масштабдуу театралдаштырылган оюн өзгөчө орунду ээледи.

Көрүүчүлөргө өтө кызыктуу көркөм бий композициялары, адамды таң калтырган ат жалындагы өнөрлөр, салттуу жана улуттук ат оюндары тартууланды. Түркүн түстүү шоуга көптөгөн артисттер, чабандестер жана чыгармачыл жамааттар катышты.

Заманбап технологиялар сахналаштырылган оюндардын салттуу бөлүгүн айкалыша толуктады.



Аземдин жүрүшүндө масштабдуу визуалдык эффекттерди чыгарган, көрсөтүүнүн таасирдүүлүгүн арттырган лазердик жана жалындуу шоу элементтери колдонулду.

Ачылыш азем майрамдык фейерверк жана белгилүү дүйнөлүк эстрада жылдыздарынын өнөр көрсөтүүсү менен жыйынтыкталды.

Көптөгөн көрүүчүлөрдүн пикиринде VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ачылыш аземи абдан жогорку деңгэлде өттү.

- Кыргызстанды дүйнө тыңшады

Кыргызстанда өткөн VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары улуттук спорттун майрамы, адамзаттын тарыхый эс тутумун, элдердин маданий жакындыгын жана ата-бабадан калган салттын күчүн дүйнөгө көрсөттү.

2026-жылдын 31-августунан 6-сентябрына чейин Кыргызстан дүйнөнүн көңүлүн өзүнө бурду. Оюндун ачылышы Бишкектеги «Бишкек Аренада» өтүп, негизги мелдештер Ысык-Көлдүн керемет жээгинде, Чолпон-Атада жана Кырчын жайлоосунда уюштурулду. Жети күн бою көкүрөктө ат дүбүртү, талаада күрөш, оюн талаасында намыс, ал эми эл арасында ата-бабадан калган салттын деми жаңырды. Финалдык маалымат боюнча, оюндарга 109 өлкөдөн 3 миңге жакын спортчу катышып, алар 42 спорттун түрү боюнча күч сынашты.







Мунун өзү көчмөндөр оюндарынын географиясы кеңейип, медаль үчүн атаандаштык күчөгөнүн көрсөтөт десек болот. Ал тургай Молдова, Гана, Франция жана Түштүк Кореянын өкүлдөрү да алтын медалга жетишти. Кытай, Грузия, Венгрия, Польша, Азербайжан, Беларусь, Сауд Арабиясы сыяктуу өлкөлөрдүн спортчулары күмүш жана коло медалдарды багындырышты. Медаль эсебинде жалпысынан 29 өлкө байгелүү орундарга кирди.



Оюндардын эң кызуу, элдин демин бириктирген таймаштарынын бири көк бөрү болду. Финалда Кыргызстан менен Казакстандын командалары беттешип, кыргыз улакчылары атаандашын 12:0 эсеби менен утуп, алтын медалды тагынды. Бул кыргыз командасынын көчмөндөр оюндарындагы көк бөрүдөн алтынчы катары менен жеңиши болуп калды. Үчүнчү орунду Россия, төртүнчү орунду Тажикстан ээледи. Бул жеңиштин артында муундан мурда өтүп келген ат үстүндөгү маданияттын күчү турду. Көк бөрүдө аттын ылдамдыгы менен оюнчунун күчү, секунддун ичинде туура чечим кабыл алуу, командалашты сезүү жана акыркы демге чейин күрөшүү жөндөмү сыналады.



Көк бөрүдөгү жеңиш үчүн кыргызстандык команда 5 миллион сом акчалай сыйлык алды. Казакстан экинчи орун үчүн 3,5 миллион, Россия 2,5 миллион, Тажикстан 1 миллион сом алды. Турнирдин мыкты оюнчусу Кыяз Ниязовго 300 миң сом, мыкты атка 200 миң сом тапшырылды.

Кыргызстан үчүн дагы бир өзгөчө жеңиш көкпардан келди. Финалда кыргызстандык команда Казакстанды 7:2 эсеби менен жеңип, бул дисциплинада Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарындагы биринчи алтын медалын алды. Жеңиш үчүн командага 3 миллион сом берилди. Казакстан 2 миллион, Россия 1 миллион, Өзбекстан 500 миң сом менен сыйланды. Ошентип, көчмөндөрдүн ат үстүндөгү эки ири оюну-көк бөрү менен көкпар Кыргызстан үчүн кош алтын алып келди.



Көчмөндөр оюндарынын дагы бир эмоциялуу мелдеши аркан тартыш болду. Бул жерде 13 команда күч сынашып, мелдеш 1х1, 4х4 жана 8х8 форматтарында өттү. Үч форматтын тең чемпиону Казакстан болуп, коңшу өлкөнүн командасы өзүнүн күчүн көрсөттү. 1х1 форматында Кыргызстан экинчи, Пакистан үчүнчү; 4х4төо Иран экинчи, Кыргызстан үчүнчү; 8х8де Кыргызстан экинчи, Пакистан үчүнчү орунду алды. Көчмөндөр маданиятын атсыз элестетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан ат чабыштар VI оюндардын өзөгүн түздү. Чолпон-Атадагы ипподромдо 1600, 2400, 3200 метрлик түз жарыштар жана кыргыздын салттуу чабыштары «Бышты жорго», «Жорго салыш», «Кунан чабыш», «Аламан байге» сыяктуу мелдештер өткөрүлдү. Айрым жарыштарда жеңүүчүлөргө 300 миңден 1,5 миллион сомго чейин акчалай сыйлыктар каралган.



109 өлкөнүн өкүлдөрү-бир талаада, бир демде

VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын масштабы мурунку мелдештерге салыштырмалуу өзгөчө кеңири болду. Катышуучу өлкөлөрдүн саны 109га жеткени расмий айтылды. Демек, көчмөндөр оюну дүйнөнүн ар кайсы бурчунан келген адамдарды бир талаага чогултканэл аралык чоң окуяга айланганына күбө болдук. Европа, Азия, Жакынкы Чыгыш, Африка, Түндүк Америка жана башка аймактардан келген спортчулар кыргыз жергесинде ата-бабалардын байыркы өнөрүн заманбап спорттук эркүүлүк менен айкалыштырышты. Көчмөндөр оюндарынын өзгөчөлүгү-спорттун бир түрү менен чектелбегенинде. Бул жерде күч да, шамдагайлык да, ат үстүндөгү чеберчилик да, көздүн курчтугу да, акылдын тереңдиги да сыналды.

Программада улуттук күрөштүн ар кыл түрлөрү, ат оюндары, салттуу жаа атуу, атчан жаа атуу, тогуз коргоол, мангала, овари сыяктуу интеллектуалдык оюндар, аркан тартыш, армрестлинг, күч сынашуу, куш салуу жана тайган жарышы сыяктуу байыркы көчмөн маданият менен байланышкан дисциплиналар орун алды. Расмий жобонун спорттук программасында салттуу жаа атуу кыргыз жана түрк эрежелери боюнча, атчан жаа атуу кыргыз жана венгр эрежелери боюнча өткөрүлөрү көрсөтүлгөн. Ал эми салбуурун багытында бүркүт, шумкар, туйгун жана тайган менен байланышкан төрт өзүнчө мелдеш каралган.

Башкы жеңиш-Кыргызстандыкы

VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын медаль эсебинде Кыргызстан биринчи орунду ээледи. Кыргызстандын спортчулары жалпысынан 72 медаль: 30 алтын, 29 күмүш жана 13 коло медаль жеңишти. Экинчи орунду Казакстан 64 медаль-29 алтын, 16 күмүш, 19 коло менен ээледи. Үчүнчү орунду Россия 34 медаль-7 алтын, 7 күмүш, 20 коло медаль алды.

Алдыңкы бештикке Иран менен Өзбекстан да кирди. Иран 15 медаль, анын ичинде 4 алтын, 3 күмүш, 8 коло; Өзбекстан 20 медаль, анын ичинде 3 алтын, 5 күмүш, 12 коло утту. Монголия 23 медаль менен алтынчы орунга жайгашты.

Жеңиштин баасы

VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында байгелердин түрү да ар түрдүү болду. Расмий жобого ылайык, байгелүү орундарга чыккан командалар менен спортчуларга медаль, тиешелүү даражадагы диплом жана акчалай сыйлык тапшырылган. Спорт, маданият жана илимий программалардын катышуучуларына сертификаттар да берилген.

Оюндардын жалпы байге фонду башында 61,3 миллион сом деп белгиленген. Спорттук бөлүктүн жалпы бюджети 334,2 миллион сомду түзүп, анын ичине катышуучулардын жатак-жайы, тамак-ашы, кийим-кечеси, жабдуулар, даярдык жана башка чыгымдар кирген. Айрым спорттордо жеке жеңүүчүлөргө да өзүнчө акчалай сыйлыктар берилди. Маселен, тыйын эңмей мелдешинде Казакстандын өкүлү Канат Бактыбай биринчи орунду ээлеп, 150 миң сом алды; экинчи орундагы кыргызстандык Азим Эсенбек уулуна 100 миң, үчүнчү орундагы монголиялык Байболат Акылбекке 80 миң сом тапшырылды.

Беттерди даярдагандар:
Н.ӨМҮРЗКОВА,
Төлөнбай
АБДЫРАЗАКОВ.

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы төмөндөгү муниципалдык жер тилкелерин аукцион жолу менен убактылуу ижара шартында пайдалануу берүү боюнча аукцион өткөрүүгө сынак жарыялайт.

Ло т №	Жер тилкесинин дареги	Аянты (чарчы метр)	Ижара акысы (сом)	Багыты	Мөөнөтү
1	Ош шаарынын Керме-Тоо МАБынын аймагындагы Көкүм-Бий № 95А сандуу дареги	7722,07 чарчы метр	6 505 653 сом	Кичи базар	1 жыл
2	Ош шаарынын Керме-Тоо МАБынын аймагындагы Көкүм-Бий № 95А сандуу дареги	6741,60 чарчы метр	5 679 124 сом	Кичи базар	1 жыл
3	Ош шаарынын Керме-Тоо МАБынын аймагындагы Көкүм-Бий № 95А сандуу дареги	8090,58 чарчы метр	10 904 928 сом	Коммерци ялык багыт	1 жыл
4	Ош шаарынын Жибек-Жолу МАБ аймагындагы Целинная көчөсү менен Кыргыз ССР ине 60 жыл көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан жер тилкеси	60,0 чарчы метр	121 306 сом	Женил конструкц иядан соода павильон орнотуу	1 жыл
5	Ош шаарынын Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгынын аймагындагы Көкүм-Бий көчөсү №41 сандуу дарегинде жайгашкан (болжол Хан-Ордо ресторанынын мандайы)жер тилкеси	147,5	10 620 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	1 жыл
6	Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айылдык аймактык башкармалыгынын аймагындагы Ишкаван айылынын Жаштар көчөсүнүн №13 дарегиндеги жеке турак үйдүн жанындагы жер тилкеси	1045,0 чарчы метр	56430 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	3 жыл
7	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/33 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	314,81 чарчы метр	589 324 сом	Коммерциялык багыт	1 жыл
8	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/35 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	400,14 чарчы метр	749 062 сом	Коммерциялык багыт	1 жыл
9	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/37 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	322,9 чарчы метр	604 469 сом	Коммерциялык багыт	1 жыл
10	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/39 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	1188,04 чарчы метр	2 224 011 сом	Коммерциялык багыт	1 жыл
11	Ош шаарынын Жибек-Жолу МАБынын аймагындагы Т. Салиев көчөсү	2160,0 чарчы метр	116 640 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	3 жыл
12	Ош шаарынын А. Саргалчаев көчөсү болжол № 37 даректеги турак үйдүн чыгыш тарабы	59,50 чарчы метр	21 420 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	5 жыл
13	Ош шаарынын Жибек-Жолу МАБынын аймагындагы Т. Салиев көчөсү №161 дареги	70,0 чарчы метр	25 200 сом	Жашылдандыруу	5 жыл
14	Ош шаарынын Яблоновая көчөсүнүн №52 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	450,0 чарчы метр	108 000 сом	Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү	5 жыл
15	Ош шаарынын Имам-Бухари көчөсүндөгү №26/1 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	63,75 чарчы метр (женил типтеги конструкциядан соода дүкөн) жана 45,05 чарчы метр (унаа токтотуучу жай уюштуруу)	163 448 сом	женил типтеги конструкциядан соода дүкөн, унаа токтотуучу жай уюштуруу	1 жыл
16	Ош шаарынын Көкүм-Бий №1 А сандуу дарегиндеги жер тилкеси	112,0 чарчы метр (женил типтеги конструкциядан соода дүкөн орнотуу) жана 30,0 чарчы метр унаа токтотуучу жай уюштуруу	220 896 сом.	женил типтеги конструкциядан соода дүкөн орнотуу жана 30,0 чарыч метр унаа токтотуучу жай уюштуруу	1 жыл
17	Ош шаарынын Жибек-Жолу МАБынын аймагындагы № 102 көчөсүнүн № 66А сандуу дарегиндеги жер тилкеси	72,0 чарчы метр (ийне саючу бөлмө) 45,58 чарчы метр (унаа токтотуучу жай уюштуруу)	151 849 сом	Ийне саючу бөлмө, унаа токтотуучу жай уюштуруу	1жыл
18	Ош шаарынын С. Айни көчөсүнүн номуру жок дареги (болжол Почта)	24,0 чарчы метр	44 928 сом	Женил типтеги конструкциядан соода дүкөн орнотуу	1 жыл
19	Ош шаарынын М. Ишматов көчөсүнүн №152к сандуу дарегиндеги жер тилкеси	22321,0 чарчы метр	9 401 580 сом	Өндүрүштүк багыт (тоо кен-өнөр жай)	5 жыл

Аукционго катышуучулар төмөндөгү дарекке кайрылышат:

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын имараты, Заднепровский көчөсү № 4 (2-кабат, 5-кана).

Физикалык жактар үчүн паспорттун көчүрмөсү .

Юридикалык жактар үчүн нотариалдык каттоо жүргүзүүчү каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес ишкананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө аукцион үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.

Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик төлөм жана коюлган лоттун башталгыч баасынын 0,5 % өлчөмүндө комиссиондук жыйым төлөгөндүгүн тастыктаган документтер.

Аукционго катышуу туралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен.

Аукцион өткөрүү менен Ош шаарынын мэриясынын сайтына жарыя чыккан күндөн баштап, 30 (отуз) күндүк мөөнөт менен өткөндөн кийин аукцион өткөрүлөөрүн маалымдайбыз.

Эскертүү: Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы ал же тигил объектини (мүлкү) аукцион белгиленген күнгө 3 күн калганга чейин аукционду алып салууга укуктуу.

Көңүл буруңуздар: Аукцион өткөрүү күнү Ош шаарынын мэриясынын же Ош жаңырыгы гезитине жарыя чыккан күндөн баштап, 30 (отуз) күн мөөнөттөн өткөндөн кийин аукцион өткөрүлөт.

Аукционго бардык физикалык жана юридикалык жактар, алардын ичинде аукцион өткөрүүгө 1 (бир) күн калганда аукционго катышуу туурасында арыз берген жактар катыша алат.

Аукционго катышууну каалагандар, өздөрүнүн өкүлдөрү (ишеним кат) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн.

Аялдамалар үчүн кошумча талап: Демөөрчүлөрдүн эсебинен курулган аялдамалар, Ош шаарынын мэриясынын токтомунун негизинде, муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына алынат, жана балансна алынган аялдама атайын комиссиянын чечимине ылайык ижара шартында берилет.

СЫНАК

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы, Ош облусунун Араван районунун балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин директору кызмат ордуна сынак жарыялайт. Сынакка катышуучулар төмөндөгүдөй талаптарга жооп бериши керек:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгы;

2. Жогорку билимдүү, (дене тарбия же педагогика адистигине артыкчылык берилет);

3. Эмгек стажы дене тарбия жана спорт тармагында же билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес болуусу;

4. Жетекчилик кызматта кеминде 2 жыл стажы болуусу;

5. Дене тарбия жана спорт тармагына, педагогикалык системага тиешелүү Мыйзамдарды, Жоболорду, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексин жана башка тийиштүү Ченемдик укуктук актыларды талапка ылайык билүүсү.

Конкурска катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтер талап кылынат:

1. Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын конкурстук комиссиясынын төрагасынын атына жазылган өздүк арыз;

2. Адистик учёт боюнча өздүк баракча 4.5х6.5 өлчөмүндөгү сүрөтү менен;

3. Билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган)

4. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

5. Өмүр баян (кол менен жазылган);

6. Резюме;

7. Паспорттун же өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (паспортунун же башка өздүгүн тастыктоочу документти конкурска келгенде көргөзүлөт);

8. Илим даражасы жана илим наамы берилгендигин, квалификациясын жогорулатканды-гын тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү;

9. Соттолбогону жөнүндө маалымкат;

10. Дело (документтер үчүн).

Аталган документтерди Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына жарыя газетага чыккан күндөн баштап 10 (он) жумушчу күн ичинде Ош шаары, О. Акимбаев 5/2 дарегине тапшыруу зарыл.

Байланыш үчүн телефон: 0(3222) 4–80–35.

Квалификациялык талаптарга жооп берген талапкерлер сынакка катышууга чакырылат. Сынакты өткөрүү орду жана күнү кошумча кабарланат. Тапшырылган документтери коюлган талаптарга жооп бербеген атуулдар, конкурска чакырылбайт.

Жер сатылат

Кара-Суу районундагы Сары-Колот айылынан 8 сотых жер участогу сатылат. Кызыл китеби бар. Баасы келишим түрүндө. Байланыш номери: 0-755-259-393; 0-556-466-610.

Жараксыз деп табылсын.

ОшТУ тарабынан Каныбекова Бурулай Каныбековнага берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз Өзбек Эл аралык университети тарабынан 2021-жылы Комилова Мадина Гайратжоновнага берилген ТС № 210176080 каттоо № 1418 сандуу дипломунун түп нускасы 2 барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2013-жылы Кыргыз-Өзбек университети тарабынан Толубаев Медетбек Бекмаматовичке берилген CD № 130226893 каттоо № 655 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2020-жылы ОшМУ тарабынан Ахунбаев Сыдыкали Акимбековичке берилген УБ № 200182843 каттоо № 3552 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы Ош шаарынын аймагында төмөндөгү муниципалдык жер тилкелерин жеке менчикке аукцион жолу менен берүү боюнча аукцион өткөрүүгө сынак жарыялайт.

1	И.Закиров көчөсүндөгү №63А дарегиндеги жер тилкеси	158,8	2 223 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
2	Ош көчөсүнүн № 20б дарегиндеги жер тилкеси	37,0	809 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
3	Прибрежная көчөсүнүн №122 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	235,0	2 115 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
4	Манас-Ата МАБынын аймагындагы Аношина көчөсү №92 сандуу дарегинин	91,70	531 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
5	Ф.Сайидинов көчөсүнүн №73 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	117,85	825 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
6	Х.Алимжанов көчөсүнүн № 4 сандуу дареги	136,0	1 564 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
7	Ашимахунов көчөсүнүн №38А сандуу дареги	122,0	1 098 000 со	Жеке менчикке бекитип берүү
8	Ашимахунов көчөсүнүн №38 дарегиндеги жер тилкеси	53,22	1 144 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
9	А. Суюмбаев көчөсүнүн №24 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	105,0	1 470 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
10	С. Айни көчөсү №170 сандуу дареги	105,0	1 620 859 сом	Жеке менчикке бекитип берүү

ЛЭД-экран орнотуу үчүн жарыя:

Лот №	Жердин дареги	Максаты	Жер тилкенин аянты (м2)	ЛЭД-экрандын аянты (м2)	Старттык баасы бир жылга (сом)
1	Ош шаарынын С. Вахапов көчөсүнүн н-ж дарегинде көпүрө тарабында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
2	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 15 дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
3	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүндөгү “Жаннат” мейманканасынын жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
4	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 168 дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
5	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 132 Б дарегинин (болжол Жапалак унаа базарынын экинчи аркасы) жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
6	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 108 а дарегинин (болжол “Автомойка) жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
7	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн № 124 в дарегинин (болжол Жапалак унаа базарынын биринчи аркасы) жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
8	Ош шаарынын Алымбек-Датка көчөсү менен Ж.Калмаматов көчөсүнүн кесилишинде жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	6,46	53721 Бир жылдык
9	Ош шаарынын Тилеке Баатыр көчөсүнүн № 10 дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	6,46	53721 Бир жылдык
10	Ош шаарынын Тилеке-Баатыр көчөсүнүн № 28 дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
11	Ош шаарынын Г.Айтиев көчөсүндөгү № 21 даректеги көп кабаттуу үйдүн жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
12	Ош шаарынын Г.Айтиев көчөсүнүн №147 дарегинин жанында (болжол Чкалов көчөсү менен кесилишинде) жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	6,46	53721 Бир жылдык
13	Ош шаарынын Н.Исанов көчөсүнүн №54а дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	6,46	53721 Бир жылдык
14	Ош шаарынын Көкүм-Бий көчөсүнүн №57Б дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
15	Ош шаарынын Алымбек-Датка көчөсү болжол борбордук аянт	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	279,0	336,0	3 217 322 Бир жылдык

Сынак

Кара-Суу районун Баш-Булак айыл аймагы төмөндөгү «Өнөр жайынын, транспорттун, энергетиканын, байланыштын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясындагы муниципалдык жер аянттарына ачык сынак жарыялайт.

1. Лот № 1

Баш-Булак айылынын интернационал участкасында жайгашкан магазиндин орду 630 кв.м. Баштапкы ижара акысы 30 000 (отуз миң) сом жылына .Кепилдик төлөм 3000 сом

2. Лот № 2

№ 429-контур 0,10 га.

Баш-Булак айылынын Долоно участкасында жайгашкан кой короонун орду 0,10 га. аянттын баштапкы ижара акысы 48 000 (кырк сегиз миң) сом жылына. Кепилдик төлөм 4 800 сом.

3. Лот № 3

№240-контур 500 кв.м

Баш-Булак айылынын У.Шамурзаев көчөсүндө жайгашкан 500 кв.м аянттын баштапкы ижара акысы 42 000 (кырк эки миң) сом жылына. Кепилдик төлөм 4200 сом.

4. Лот № 2

№197-контур 500 кв.м.

Баш-Булак айылынын У.Шамурзаев көчөсүндө жайгашкан 500 кв.м аянттын баштапкы ижара акысы 42 000 (кырк эки миң) сом жылына. Кепилдик төлөм 4200 сом.

5. Лот № 2

№97-контур 4,42га.

Баш-Булак айыл аймагынын Сөөк завод участогунда жайгашкан өндүрүштүк 4,42 аянттын баштапкы ижара акысы 120 000 (бир жүз жыйырма миң) сом жылына. Кепилдик төлөм 12 000 сом.

Конкурстун шарттары

1. Арыз (өздүгүн аныктаган документ,юридикалык жактарга каттоо күбөлүгүнөн көчүрмө)

2.Ишкананын долбоорун даярдап сунуштоо (эскиздик проект).

3.Ишкананы курууга карата каражаттын (долбоордун наркынын) көлөмү.

4. Жаңы технологиялар.

5.Иш тажрыйбасы.

6.Кадрлардын камсыздалышы.

Конкурс – 7-октябрь күнү сатт 10 до Баш-Булак айыл өкмөтүнүн жыйындар залында өткөрүлөт. Байланыш тел. 0998 222 305, 0755 009 366, 0998 800 606.

Жараксыз деп табылсын

1991-жылы Ош Педучилищасы тарабынан (азыркы ОшМПУ) Жээнбаева Рахат Молдалиевнага берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1989-жылы Джалал-Абад медучилищасы тарабынан Кулиева Мукаддасхон Араповнага берилген МТ № 087189 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2024 -жылы С.Б. Данияров атындагы кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун туштук филиалы тарабынан Байгазиев Азизбек Кутубековичке берилген СО №240005766 сандуу сертификат туп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
Б. Ысакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №:980
Нускасы: 1800



Көчмөн элдердин рухун, тарыхын жана маданиятын дүйнөгө даңазалаган Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары — жөн гана спорт мелдеши эмес. Бул — кылымдарды карыткан бабалардын каада-салтын, кайратын жана эркиндикке болгон умтулуусун кайрадан жандантканулуу маданий иш-чара. Ат үстүндөгү оюндар, улуттук күрөш жана мергенчилик өнөрү чагылдырылган бул оюндарда салбуурун менен улуттук жаа атуу өзгөчө орунду ээлейт.

Жаа атуу — бул жөн гана тактык эмес, бул сүр, сабырдуулук жана ички тең салмактуулуктун туу чокусу. Салттуу жаа атуу өнөрү — кыргыз элинин улуттук каада-салтынын жана спорттун айрыкча баалуу бир түрү. Акыркы жылдары өлкөдө жаа атуу спорту, өзгөчө кыз-келиндер арасында абдан популярдуу болуп, эл аралык мелдештерде кыргызстандык жаачылар жогорку ийгиликтерди жаратып келишүүдө. Жаа атуу өнөрүн аркалап, эл аралык аренада мелдештин көркүн ачып, өлкө намысын коргоп жаткан сыймыктуу спортчуларыбыздын бири — Миргүл Рахманалиева.



Абада ышкырган жебе - бабалар сыймыгы, Миргүл Рахманалиева- жаа атуунун үлгүсү!

Тарыхты заманбап спорт менен айкалыштырган өнөр

Миргүл Рахманалиева Кыргызстандын Салттуу жана ат үстүндө жаа атуу федерациясынын мыкты жаачы спортчусу катары белгилүү. Ал жаа атуу спортунда өзүнүн өзгөчө чеберчилиги, кайраттуулугу жана туруктуулугу менен айырмаланып келатат. Анын ар бир мелдешке даярдыгы, жебени бутага багыттаган учурдагы токтоолугу жана топтогон тажрыйбасы спорт сүйүүчүлөрүн суктандырбай койбойт.

“Жаа тартуу – тарых менен азыркы учурду бириктирген көпүрө сыяктуу. Жаа атуу бир кездери менин балалык кыялым болчу. Айылда кургай эле талды көрсөм, кыйып алып жаа тарткан учурларым эстен кетпейт. Жаштын тилегин берет, дегени ушул болсо керек. Тагалар тарабымда мергенчилик өнөрү бар, мага ошондон өткөндүр деп да койом. Жаа тартуу спортуна 2025-жылы келдим. Бул мезгил ичинде көптөгөн мелдештерге катыштым, ийгиликтерим үчүн ондогон медаль топтодум, тажрыйба арттырдым.

Мени бул багытта машыктырып үйрөткөн, чоң спортко тарбиялап телчиктирген устатым Замир Бегалиев агайга терең ыраазычылык билдирем. Жааны бутаны мээлеп атуу бардык нерсени унуттуруп, сергитет жана эс алдырат. Жаа атуу-жакшы өнөр, жакшылыктын бир бөлүгү, ал ар качан дем-күч берет, өстүрөт.

Башкысы, жаа тартуу учурундагы жебени бошоткон көз ирмемде ички толкундоону жеңип, бабалардын рухун сезүү сөз менен айтып бүткүс сезим. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында өлкөнүн атынан чыгуу мен үчүн чоң жоопкерчилик жана сыймык” — дейт жаачы Миргүл Рахманалиева.

Чоң-Алайдан башталган сапар жана жаа тартуу спортунун сыры

Миргүл Рахманалиева Ош облусунун алыскы Чоң-Алай өрөөнүндөгү Чак айылында туулуп-өскөн. Жаш кезинен эле спортко кызыгуусу артып, күч сынаган мелдештерге катышып, машыгуулар менен чоңойгон. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин биология жана химия факультетинде билим алган жана алдыңкы ийгиликтери үчүн Президенттик стипендиянын ээси болгон.

Жалпыга маалым болгондой, спортчу Кыргызстандын намысын республикалык , эл аралык деңгээлдеги улуттук оюндарда, маданий фестивалдарда татыктуу коргоп келе жатат. Анын айтымында, салттуу жаа атуу - улуттук спорттун бир түрү. Жаа атуу спорту негизги эки чоң багытка — салттуу (этноспорт) жана олимпиадалык (классикалык) жаа атууга бөлүнөт.

Салттуу жаа атуу өнөрү — кыргыз элинин улуттук каада-салтынын жана спорттун бир түрү катары белгилүү. Акыркы жылдары өлкөдө жаа атуу өнөрү спорт катары, айрыкча кыз-келиндер арасында абдан популярдуу болуп, эл аралык мелдештерде кыргызстандык жаачылар жогорку ийгиликтерди жаратышууда.

Ал өзү дал ушул бабалардан калган салттуу жана ат үстүндө жаа атуу багытында чеберчилигин арттырып, бийик чектерди багындырууда. Жаа тартуу — жөн гана тактыкты эмес, ички тең салмактуулукту, сабырдуулукту жана токтоолукту талап кылган өзгөчө искусство.

Ал «АКИpress» маалымат агенттигинин өлкөдөгү 40 райондун кыздарын элге таанытткан «Кыргыз кызы» улуттук долбоорунун каармандарынын бири. Өзү тууралуу, спорттогу ийгиликтери тууралуу баяндарында Миргүл Рахманалиева деңиз деңгээлинен 2400 метрден ашык бийиктикте жайгашкан, климаты катаал Памир тоо этегиндеги Чоң-Алай өрөөнүнүн кооздугун, тарыхын жана каада-салтын коомчулукка жигердүү таанытууда.

Белгилүү жаачы кыздар жана жетишкендиктери

Маалыматка ылайык, Асель Шарбекова спорттун жаа атуу түрү боюнча көптөгөн эл аралык деңгээлдеги мелдештерге катышып, мыкты жаачы катары таанылган. Ал АКШнын Майами шаарында өткөн Archery Tournament эл аралык мелдеште биринчи орунду алып, алтын медаль тагынган. Чолпонай Умуркулова салттуу жаа атуу боюнча Бишкек шаарынын ачык чемпионатынын жеңүүчүсү, «Кыргыз бута» багытында 1-орунду багындырган.



Ал эми гезиттин бүгүнкү каарманы Миргүл Рахманалиева менен Назгүл Шапиева салттуу жаа атуу мелдешинде алдыңкы орундарды камсыздап, мергендиги менен таанылган спортчулар. Жаш спортчу Ясира Дайырбекова Ташкентте өткөн эл аралык турнирде MIX (аралаш командалык) багытында коло медалдын ээси болгон. Ошондой эле Каима Молдалиева Эл аралык мелдеште жекелик эсепте коло медаль утуп алган жаш үмүттөрдүн бири.

Салттуу жаа атуу спортунун өнүгүү багыттары

Салттуу жаа атуу (Этноспорт) Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын негизги өзөгүн түзөт. Кыздар тарыхый улуттук кийимдерди кийип, «Кыргыз бута» (50 метр) жана «Кыргыз жамба» (30 метр) сыяктуу аралыктарга ат үстүндө же жөө туруп жаа атышат. Олимпиадалык жаа атуунун багыты заманбап, классикалык жаалар менен бутага атуу болуп эсептелет. Бул тармакты өнүктүрүүдө Кыргызстандын жаа атуу федерациясынын жетекчиси Эльнура Осмоналиеванын салымы чоң.

Жаа атуу ден соолукка пайдалуу, философиясы терең. Жаа атуу — бул башкалар менен эмес, эң биринчи кезекте өзүң менен өзүң күрөшүү жана ички гармонияны табуу спорту. Ал кыздарды сабырдуулукка, токтоолукка жана ойду бир жерге жыйноого үйрөтөт. Жаа атуунун ден соолукка пайдасы көп. Жаа тартканда бел, ийин, кол булчуңдары чыңалып, сымбаттуу дене түзүлүштү калыптандырат. Ошондой эле көздүн көрүүсүн жакшыртат.



Көчмөн калктын рухун даңазалаган мелдештеги орду

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында салттуу жаа атуу боюнча мелдешке ондогон өлкөлөрдөн эң күчтүү мергендер катышууда. Мындай жогорку деңгээлдеги мелдеште келечегинен көптү үмүттөндүргөн биздин спортчубуз Миргүл Рахманалиева Кыргызстандын желегин бийик көтөрүп, улуттук спортту эл аралык аренада татыктуу көрсөтүп жатат.

Ал өткөн жылы Бишкек шаарынын мэриясынын Дене тарбия жана спорт, маданият жана жаштар иштери боюнча башкармалыгы тарабынан уюштурулган жаа атуу боюнча ачык чемпионатта аялдар арасында 2-орунду жеңип алган. Спортчу Көчмөндөр оюндарынын алдында 24-25-26 - август күндөрү болуп өткөн Эл аралык 5-Илбирс турниринде 70 м аралык боюнча мелдеште 3-орунду ээледи.

Спортчу өлкөдө жаа атуу өнөрүн өнүктүрүүгө чоң салым кошуп келе жатат. Анын спорттогу мыкты чеберчилиги, талыкпас эмгеги жана жаратман ийгиликтери — өлкө үчүн чоң сыймык, ал эми кийинки муун үчүн сабак, жаш муундарга чоң дем-күч жана үлгү. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары мелдештеринде Миргүл Рахманалиева сыяктуу жаш спортчуларыбыздын катышуусу кыргыз спортунун келечеги кең экенин жана улуттук нарк-насилдин эч качан өчпөй турганын дагы бир ирет далилдей алды.

Жаа тартуу спортунун мыкты чебери Миргүл Рахманалиевага жана VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында өлкө атынан катышып жаткан бардык спортчуларыбызга курч карек, мергендик, албан-албан ийгиликтерди жана жеңиштерди каалайбыз. Кыргыздын желеги дайыма бийикте желбирей берсин!

А.МАТИЕВА.